**2025-жылдын жыйынтыгы боюнча «ESG Лидер» сынагынын**

**ЭРЕЖЕЛЕРИ**

1. **Глоссарий:**

1.1. **ESG -** айкындуулукту, этиканы жана бизнестин узак мөөнөттүү туруктуулугун камсыздоого багытталган, уюмдун айлана-чөйрөнү коргоого, социалдык жоопкерчиликке жана корпоративдик башкарууга мамилесин чагылдырган туруктуу өнүгүү үчүн экологиялык, социалдык жана башкаруу критерийлеринин жыйындысы.

1.2. **Google forms –** сурамжылоолорду, анкеталарды жана кайтарым байланыш формаларын түзүү жана жайылтуудагы онлайн кызматы. Респонденттердин жоопторун автоматтык түрдө чогултууга, системалаштырууга жана анализдөөгө мүмкүндүк берет.

1.3. **Уюштуруу комитети -** иш-чарага байланыштуу милдеттердин аткарылышын пландаштырууга, уюштурууга жана тапшырманын аткарылышын көзөмөлдөө, ошондой эле катышуучулар менен кызыкдар тараптардын ортосундагы өз ара аракеттенүүгө жооптуу ыйгарым укуктуу адамдардын тобу.

1.4. **Комиссия -** көз карандысыз эксперттерден жана уюштуруучулардын өкүлдөрүнөн турган, сынактын материалдарына экспертиза жүргүзүүчү жана сыйлыктарды ыйгаруу боюнча чечимдерди кабыл алган консультативдик орган болуп саналат.

1.5. **Климаттык долбоор -** климаттын таасирин азайтууга, парник газдарынын чыгындыларын кыскартууга, климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерине туруктуулукту жогорулатууга багытталган демилге, программа же иш-чаралардын комплекси.

1.6. **Туруктуу өнүгүүдөгү инновациялар -** коомго жана айлана-чөйрөгө узак мөөнөттүү оң таасирин камсыз кылуу менен экологиялык, социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган жаңы же олуттуу өркүндөтүлгөн продукттар, кызматтар, технологиялар, процесстер же бизнес моделдер.

1.7. **Аялдардын ишкердигиндеги жашыл долбоор** – бул экологиялык туруктуу чечимдерди киргизүүгө багытталган, анын ичинде айлана-чөйрөгө терс таасирин азайтуу, энергияны жана ресурстарды үнөмдөө, энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу же климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлаштыруу, кеминде 50%ы аял/аялдарга таандык же аял башкарган компания тарабынан ишке ашырылуучу демилге же бизнес-долбоор.

2. **Жалпы жоболор**

2.1. Сынак Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги , Mastercard,БУУнун Өнүктүрүү Программасы (БУУӨП) жана «Элдик Банк» ААК тарабынан өткөрүлүүдө.

2.2. Сынак бардык уюштуруучулардын ортосунда тең укуктуу өнөктөштүк (co-ownership) принциптеринде ишке ашырылат

1.1. Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги , Mastercard,БУУнун Өнүктүрүү Программасы (БУУӨП) жана «Элдик Банк» ААК.
Сынактын бардык коммуникациялык материалдары, ачык билдирүүлөрү жана визуалдык элементтери демилгенин биргелешкен мүнөзүн жана өнөктөштөрдүн бирдей салымын чагылдырат.

1.2. Сынак Кыргыз Республикасынын аймагында өткөрүлөт жана тармагына жана менчигинин түрүнө карабастан коммерциялык уюмдар катыша алат.

1.3. Жеңүүчүлөр ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн шарттардын аткарылышына жараша аныкталат.

1.4. Конкурстук жол-жоболорду ишке ашыруу үчүн Уюштуруу комитети түзүлүүдө, анын курамына Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги , Mastercard, БУУӨП жана «Элдик Банк» ААКнун өкүлдөрү кирет.

1.5. Уюштуруу комитети номинацияларды, баалоо критерийлерин, комиссиянын курамын жана сынактын жыл сайын өзгөрүп туруучу башка параметрлерин бекитет.

## 2. Сынактын максаты жана милдети:

2.1. Туруктуу өнүгүүгө дем берүү, ESG жөнүндө мыкты тажрыйбаларды жайылтуу жана улуттук бизнестин оң имиджин түзүү.

2.2. Негизги милдеттер:

- ESG мыкты тажрыйбаларын аныктоо жана жайылтуу;
- компаниялардын ачыктыгын жана жоопкерчилигин жогорулатууга көмөк көрсөтүү ;
- туруктуу өнүгүү чөйрөсүндө инновациялык чечимдерди ишке ашырууга дем берүү;
- жоопкерчиликтүү иш алып баруу маданиятын өнүктүрүү.

## 3. Сынактын катышуучулары:

3.1. Кыргыз Республикасынын жеке ишкердик субъекттери, анын ичинде жеке ишкерлер (ЖИ), Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш жүргүзгөн чакан жана орто бизнес субъекттери.

3.2. Ишкердиктин субъект ишинин масштабы боюнча аныктоо (жеке ишкер, чакан же орто ишкердик) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат. Иштин чөйрөсүнө чектөөлөр белгиленбейт жана катышуучунун иши Сынактын тиешелүү номинациясынын критерийлерине жооп бериши керек.

3.3. Катышуучу мыйзамды, салык тартибин, эмгек укуктарын жана экологиялык талаптарды одоно бузбай иш жүргүзүүсү керек

3.4. Катышуу ыктыярдуу жана акысыз.

## 4. Сынакка катышуунун тартиби

4.1. Сынакка катышуу үчүн Катышуучу Google forms онлайн анкета толтурушу жана Сынактын критерийлерине ылайык номинацияда тиешелүү тажрыйбага ээ болушу керек.

4.2. Сынак бир нече номинациялар боюнча өткөрүлөт. Алардын тизмеси жыл сайын уюштуруу комитети тарабынан бекитилет.

4.3. Конкурс тууралуу маалымат уюштуруучулардын расмий сайттары, социалдык тармактар, ЖМКлар жана башка маалымат аянтчалары аркылуу таратылат.

4.4. Сынакка катышуунун милдеттүү шарттарынын бири болуп онлайн же офлайн каттоо, анын ичинде «Элдик» мобилдик тиркемеси аркылуу каттоо чыгарылган «Элдик Банк»

ААКнун Mastercard картасынын болушу саналат. Google Forms аркылуу катышууга арыз толтурууда катышуучу картасынын номурун көрсөтүүсү керек.

4.5. Катышуучу тарабынан Google forms онлайн өтүнмөдө берилген маалымат компания жөнүндө маалыматты, ишке ашырылган ESG демилгелеринин сыпаттамасын жана колдоочу материалдарды камтууга тийиш

4.6. Алдын ала тандоонун жыйынтыгы боюнча финалисттер өз долбоорлорунун кыскача презентациясына чакырылышы мүмкүн.

4.7. Өтүнмөлөр жана презентациялар комиссия тарабынан бааланат, анын курамы жыл сайын Уюштуруу комитети тарабынан түзүлөт жана көз карандысыз эксперттерди камтышы мүмкүн.

## 5. Конкурсту баалоо критерийлери

5.1. Баалоонун негизги багыттары ESG боюнча ишке ашырылган демилгелердин жыйынтыктарын гана эмес, ошондой эле ESG чөйрөсүндө туруктуу башкаруу практикасынын болушун камтыйт. Баалоодо компаниянын ачык-айкындуулугу жана отчеттуулугу, туруктуулук жана/же экологиялык саясаттын болушу, коррупцияга каршы жол-жоболор, эмгек стандарттарынын сакталышы, тобокелдиктерди башкаруу ыкмалары, ошондой эле ESG маселелери боюнча жооптуу функциянын же кызмат адамынын болушу каралышы мүмкүн.

5.2. Баалоонун негизги багыттары:

- Экологиялык жана климаттык практикалар (парник газдарынын чыгындыларын азайтуу боюнча чаралар, энергияны үнөмдөө, калдыктар менен иш жүргүзүү, климаттын өзгөрүшүнө көнүү, инновациялар ж.б.);
- социалдык практикалар (тең мүмкүнчүлүктөр, гендердик теңчилик, корпоративдик маданият, жамааттар менен иштөө, инновациялар ж.б.);

Критерийлердин конкреттүү системасы жана рейтингдик шкаласы сынактын ар бир цикли үчүн Уюштуруу комитети тарабынан бекитилет

5.3. Негизги этап:

- Жеңүүчүлөр ар бир категориядагы упайлардын максималдуу саны менен аныкталат. Ар бир категория боюнча өлкөнүн бардык аймактарынан 1 (бир) жеңүүчү аныкталат.

## 6. Жеке маалыматтарды иштетүү жана купуялуулук

7.1. Сынакка катышууга өтүнмөнү берүү менен катышуучу Сынакты уюштуруу жана өткөрүү максатында берилген жеке маалыматтарды жана материалдарды чогултууга, иштетүүгө, сактоого жана пайдаланууга макулдугун ырастайт.

7.2. Сынактын уюштуруучулары Кыргыз Республикасынын жеке мүнөздөгү маалыматтарды коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык жеке маалыматтарды иштеп чыгууну камсыз кылат.

7.3. Сынактын алкагында төмөнкү маалыматтар чогултулушу мүмкүн:
• компания жана байланыш адамдар жөнүндө маалымат;
• ишке ашырылып жаткан ESG демилгелери жана долбоорлору жөнүндө маалымат;
• тастыктоочу документтер, фото, видео жана презентация материалдары;
• өтүнмөнүн бөлүгү катары катышуучу тарабынан берилген башка маалыматтар

7.4. Берилген маалыматтар Сынактын уюштуруучуларына жана өнөктөштөрүнө өтүнмөнү башкаруу, баалоо, жеңүүчүлөрдү аныктоо жана Сынакты маалыматтык камсыздоо максатында, анын ичинде БУУӨП, «Элдик Банк» ААК, Mastercard, тиешелүү мамлекеттик органдар жана конкурстук комиссиянын мүчөлөрү үчүн берилиши мүмкүн.

7.5. Катышуучу компаниянын аталышын, Сынактын жеңүүчүсү же ага катышкандыгы тууралуу маалыматты, ошондой эле Конкурска байланыштуу фото жана видеоматериалдарды Сынактын уюштуруучулары менен өнөктөштөрүнүн маалыматтык, коммуникациялык жана отчеттук материалдарында жарыялоого макул болот.

7.6. Катышуучулар тарабынан берилген коммерциялык маанидеги, купуялуу же ачык эмес маалыматтар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандан башка учурларда, катышуучунун кошумча макулдугу жок Сынактын максаттарынан тышкары жарыялоого же үчүнчү жактарга берилиши мүмкүн эмес.

7.7. Катышуучулардын материалдары жана жеке маалыматтары Сынакты өткөрүү, анын жыйынтыгын чыгаруу, отчетторду даярдоо жана Сынактын уюштуруучуларынын жана өнөктөштөрүнүн талаптарын аткаруу үчүн зарыл болгон мөөнөттө сакталат.

7.8. Катышуучу Сынактын уюштуруучуларына жазуу жүзүндөгү билдирүү жөнөтүү менен жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдугун кайтарып алууга укуктуу. Мындай учурда макулдукту кайтарып алуу Сынакка андан ары катышуу мүмкүн болбой калышына алып келиши мүмкүн.

7. **<u>Кошумча шарттар:</u>**

7.1. Сынакка катышуу жана анын шарттары менен макулдашуу Катышуучунун жоболорду жана 4, 5, 6, 7-пунктундагы ушул эрежелерди сактоосу менен ырасталат.

7.2. Онлайн казинолор, букмекердик компаниялар, онлайн букмекерлик платформалар жана кумар оюндарына байланыштуу башка уюмдар Сынакка катыша алышпайт.. Ошондой эле тамеки, алкоголь ичимдиктерди же курал-жаракты сатуу менен байланышкан ишканаларга, экологиялык мыйзамдарды жана эмгек укуктарын, анын ичинде балдарды же мажбурлап иштетүүнү пайдаланууну олуттуу бузууга жол берген компанияларга, ошондой эле санкциялар астында турган, коррупциялык иликтөөлөргө катышкан же олуттуу репутациялык тобокелдиктерге ээ болгон уюмдарга катышууга жол берилбейт. Сыйлыктарды алуу менен байланышкан транспорттук жана башка чыгымдарды жеңүүчүлөр өздөрү көтөрүшөт.

7.3. Сыйлыктарды алуу менен байланышкан салыктык чегерүүлөрдү Сынактын Уюштуруучулары көтөрөт.

7.4. Жыл сайын өзгөрүп туруучу бардык элементтер (номинациялар, критерийлер, комиссиянын курамы, сыйлыктардын өлчөмү жана формасы) Уюштуруу комитети тарабынан өзүнчө чечим менен бекитилет.

8. **<u>Жеңүүчүлөрдү аныктоонун жыйынтыгы:</u>**

8.1. Жеңүүчүлөрдү аныктоо үчүн комиссия түзүлүп, анын курамы уюштуруу комитети тарабынан бекитилет.

8.2. Жеңүүчүлөр боюнча чечим комиссиянын жалпы баасынын негизинде кабыл алынат.

8.3. Сынактын жеңүүчүлөрүнүн тизмеси Комиссиянын жыйналышынын протоколу менен бекитилет.

8.4. Уюштуруучулар Сынактын жыйынтыгы жана сыйлык тапшыруу аземинин датасы жөнүндө жеңүүчү аныкталган учурдан тартып 10 күндүн ичинде түздөн-түз телефон жана электрондук почта аркылуу кабарлайт.

8.5. Сынактын Катышуучусу байланыш маалыматын жана берилген маалыматтардын тактыгын камсыз кылууга жооптуу.

8.6. Банк туура эмес көрсөтүлгөн реквизиттер, уюлдук жана стационардык байланыш операторлорунун түйүндөрүндөгү ар кандай бузулуулар үчүн жоопкерчилик тартпайт, бул жеңүүчүгө кеч кабарлоого алып келиши мүмкүн.

8.7. Жеңүүчүлөргө дипломдор, ардак белгиси жана материалдык сыйлыктар тапшырылат. Сыйлыктардын мүнөзү жана көлөмү жыл сайын Уюштуруу комитети тарабынан аныкталат.

8.8. Конкурс жөнүндө расмий маалымат уюштуруучулардын бардык веб-сайттарында жарыяланып, өнөктөштөрдүн бардык расмий каналдарында дагы бирдей мааниге ээ.

Шарттарга өзгөртүүлөр же толуктоолор киргизилген же Сынактын өтүшүн токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда Сынактын катышуучуларына Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин корпоративдик сайтында кулактандырууну жайгаштыруу аркылуу билдирилет (www.mnr.gov.kg); Mastercard (https://www.mastercard.com/kg/ru.html); БУУӨП (www.undp.org/kyrgyzstan) «Элдик Банк» ААК (www.eldik.kg).

**9. Сыйлыктарды алуу шарттары:**

9.1. Сыйлыктар тапшыруу аземинде ыйгарылат.

9.2. Сынактын жыйынтыгы боюнча Комиссиянын чечими бардык Катышуучулар үчүн акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт.

9.3. Бул Эрежелер жана аларга оңдоолор Уюштуруу комитети тарабынан бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.

9.4. Бул Эрежелер, ошондой эле аларга өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин (www.mnr.gov.kg); Mastercard (https://www.mastercard.com/kg/ru.html); БУУӨП (www.undp.org/kyrgyzstan) «Элдик Банк» ААК (www.eldik.kg) веб-сайтта жайгаштырылган.

**10. Байланыш жана визуалдык идентүүлүк (Co-branding)**

10.1. Бирдей көрүү принциби: Сынактын бардык коммуникациялык материалдары бир өнөктөштү үстөмдүк кылып көрсөтпөстөн, бардык уюштуруучулардын жана өнөктөштөрдүн бирдей көрүнүүсүн камсыз кылат.

10.2. Логотиптер: Уюштуруучулардын логотиптери иерархиялык артыкчылыксыз өнөктөштөрдүн бирдиктүү блогунда жайгаштырылат.

10.3. Эскерүү тартиби: Өнөктөштөрдү байланыш материалдарында тизмелөө тартиби форматка жараша өзгөрүшү мүмкүн жана жоопкерчилик иерархиясын чагылдырбайт.

10.4. Байланыштарды биргелешип бекитүү: Баардык негизги коомдук байланыш материалдары (пресс-релиздер, пресс-киттер, негизги визуалдык материалдар, кампаниялардын видео-контенттери) бардык уюштуруучулар тарабынан макулдашылат.

10.5. Коммуникациялык ролдору, материалдарды бекитүү жол-жоболору, брендинг жана медиа стратегиясы өзүнчө документ менен жөнгө салынат, Уюштуруу комитети тарабынан бекитилген “ESG Лидер” сынагынын байланыш жана визуалдык планы.